Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Embassy of Switzerland in the Kyrgyz Republic
Кыргыз Республикасындагы Швейцариянын Элчилиги
Посольство Швейцарии в Кыргызской Республике

ӨНУКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

# ЭЛДИН ҮНҮ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ: БЮДЖЕТТИК ПРОЦЕСС

ДОЛБООРУ
**www.vap.kg**

Швейцария Өкмөтү тарабынан каржыланып, Өнүктүрүү саясат институту – кыргызстандык бейөкмөт уюм тарабынан аткарылат. Уюмдун миссиясы – жергиликтүү жамааттарга жана башкаруу органдарына адамдын татыктуу жашоого укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга көмөктөшүү.
www.dpi.kg

ДОЛБООРДУН МАКСАТЫ
ЖӨБ органдары жарандардын чечим кабыл алуу процессине катышуусун бир кыйла жогорулатуу менен жергиликтүү бюджетти дагы да ачык-айкын жана эффективдүү башкара башташат.

ДОЛБООРДУН МӨӨНӨТТӨРҮ ЖАНА ГЕОГРАФИЯСЫ
I фаза: 2011-ж. ноябрь айы – 2015-ж. март айы, Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустары
II фаза: 2015-ж. апрель айы – 2019-ж. март айы, Кыргыз Республикасынын Чүй, Ош жана Нарын облустары

## КЫСКАРТУУЛАР

| | |
|---|---|
| ЖӨБЭММА – | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик. |
| ФМ – | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги |
| ЭҮЖӨБОЖ Долбоору – | "Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору |
| ӨСИ – | Өнүктүрүү саясат институту |
| ЖӨБ – | жергиликтүү өз алдынча башкаруу |
| ЖММ – | жергиликтүү маанидеги маселелер |
| ЖМБА – | жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо боюнча иш-чаралардын комплекси |
| БМжБ – | биргелешкен мониторинг жана баалоо |
| АА – | айылдык аймак |
| АӨ – | айыл өкмөтү |
| ЖерК – | жергиликтүү кеңеш |
| БӨУ – | бейөкмөт уюмдар |
| БАМИ – | бюджеттик айкындуулуктун муниципалдык индекси |

# ЭҮЖӨБОЖ ДОЛБООРУНУН НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ, 2011-2017

## ЖАРАНДАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУГА ТАРТУУ

Жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча ЖӨБ органдарынын чечим кабыл алуу процессине жергиликтүү жамааттын катышуу модели (артыкчылыктарды эсепке алуу) Жалал-Абад, Ысык-Көл жана Чүй облустарынын элеттик муниципалитеттеринде иштелип чыкты, сыналды жана жайылтылды.

42 000ден ашуун жаран (алардын 43% - аялдар) жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча чечим кабыл алууга, артыкчылыктарды аныктоого, жергиликтүү бюджеттердин каражатын бөлүштүрүүгө катышты.

Жалал-Абад, Ысык-Көл жана Чүй облустарынын 40 муниципалитетиндеги 1000ден ашуун жашоочу жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу укугун жана түрлөрү тууралуу, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун функциялары, жоопкерчилик чөйрөсү жана финансы-экономикалык негиздери жөнүндө билимге ээ болушуп, артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча ЖӨБ органдары менен биргелешип иш алып баруу үчүн демилгелүү топторго биригишти.

Жарандардын 40 тобу ЖӨБ органдарынын ишине мониторинг жүргүзүү жана баалоо жаатында билимге жана тажрыйбага ээ болушту.

Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга конструктивдүү катышуусунун 200дөн ашык мисалы бар, алардын ичинен 90у өз муниципалитеттеринде жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жигердүү катышууну уланта берүү үчүн колдоого ээ болушту.

АӨ кызматкерлери, жергиликтүү кеңештердин депутаттары ЖӨБдүн уюштуруучулук жана укуктук негиздери, коомдук ресурстарды ачык-айкын жана натыйжалуу башкаруу, маалыматка жеткиликтүүлүктү камсыздоо, инвестицияларды башкаруу, калктын артыкчылыктарын изилдөө, пландоодо жана чечим кабыл алууда аларды эсепке алуу боюнча жаңы билимге ээ болушту.



ЖӨБ органдары ачык-айкын башкарууну жана коомдук мааниге ээ маалыматка, анын ичинде жергиликтүү бюджет тууралуу маалыматка жарандардын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо үчүн жабдууга ээ болушту. 41 АӨ маалымат такталары, компьютерлер жана коомдук иш-чараларды өткөрүү үчүн жабдуу менен камсыздалды.




Үч облустагы айылдардын 8000ден ашуун жашоочусу (а.и. 43% - аялдар) жергиликтүү бюджетти түзүү, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы тууралуу отчетту кабыл алуу, инвестициялоо үчүн артыкчылыктуу көйгөйлөрдү тандоо боюнча ЖӨБ органдары уюштурган 100дөй коомдук угууга катышты. Эми угуулар арыз-даттанууларды айтуу формасында эмес, бюджетти конструктивдүү талкуулоо формасында өтүп калды. ЖӨБ органдары жарандардын сунуштарына жана эскертүүлөрүнө жооп катары жергиликтүү бюджетке 260тан ашык түзөтүү киргизди.



Кеңири талкуудан кийин, 42 айылдык аймакта Жергиликтүү жамааттардын Уставдары кабыл алынды.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Чакан гранттар программасына башка донордук уюмдардын программаларына катышкан тажрыйбасын пайдалануу аркылуу катышып, жергиликтүү жамаат үчүн артыкчылыктуу болгон жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча ийгиликтүү ишке ашырылган инвестициялык долбоорлордон 69 муниципалитеттин 550 000ден ашык тургуну пайда көрдү.



## ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН РЕФОРМАЛАРЫН КОЛДОО

2011-жылдан 2017-жылга чейинки мезгил аралыгында Долбоор мамлекеттик бийликти децентралдаштырууга жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө тиешелүү бир топ стратегиялык документтерди, анын ичинде 2013-2017-жылдардын мезгилине КР туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын, 2013-2017-жылдарга КРда ЖӨБдү өнүктүрүү программасын, КРда Административдик-аймактык реформанын 2016-2019 ж.ж. концепциясын иштеп чыгууга жигердүү катышты.

ЖӨБ органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнү өркүндөтүү маселелери боюнча Жогорку Кеңеш менен биргеликте мыйзам чыгарууда алгылыктуу иштер жасалды: ЖӨБ органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү тартиби тууралуу мыйзамдарды иштеп чыгууда жана илгерилетүүдө, 40ка жакын тармактык мыйзамдарды ага шайкеш келтирүүдө жардам көрсөтүлдү; ыйгарым укуктарды берүү тууралуу Типтүү

келишимди иштеп чыгууда жана бекитүүдө; айрым берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн жергиликтүү бюджеттерге берилген трансферттердин көлөмүн эсептөөнүн убактылуу методикасын иштеп чыгууда КР Өкмөтү менен биргеликте иштер жасалды.

Түрдүү мамлекеттик органдар тарабынан ЖӨБ органдарынын ишине жүргүзүлгөн көптөгөн текшерүүлөрдү тартипке келтирүү максатында Долбоор КР Жогорку Кеңешине «ЖӨБ органдарынын ишине текшерүү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» КР Мыйзам долбоорун иштеп чыгууга көмөктөштү. Бул мыйзам долбоорун кийинчерээк КР Жогорку Кеңеши кабыл алды.

2013-2017-жылдарга КРнын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутуу системасын өнүктүрүү программасын, 2013-2020-жылдарга КРнын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын эмгек акы төлөө системасын өркүндөтүү программасын, «Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө» КР Мыйзам долбоорун; Кызматчыларды окутуу тартиби тууралуу Убактылуу жобону жана Окутууга мамлекеттик тапшырык жөнүндө Убактылуу жобону иштеп чыгууда Мамлекеттик кадр кызматына колдоо көрсөтүлдү.

Айылдык аймактын Типтүү Уставын, айылдык кеңештин Типтүү Регламентин, Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын алдындагы административдик укук бузуулар боюнча комиссиялар жөнүндөгү Типтүү Жобосун, Текшерүүлөрдү эсепке алуу китебинин формасын жана текшерүүлөрдү эсепке алуу китебине каттоо Тартибин иштеп чыгууда жана жайылтууда ЖӨБЭММАга жардам берилди.

Финансы министрлигине КРнын Бюджеттик кодексинин долбоорун; билим берүү системасын республикалык бюджеттеги каражаттын эсебинен каржылоого которуу тууралуу токтомду; дем берүүчү грантты берүүнүн жаңы механизмин иштеп чыгууда жардам көрсөтүлүп, бюджеттер аралык мамилелерди өркүндөтүү жана жергиликтүү бюджеттердин киреше потенциалын арттыруу боюнча сунуштар берилди.

КР Экономика министрлигине Региондорду өнүктүрүү фонддорун түзүүнүн тартиби жөнүндө Типтүү жобону иштеп чыгууда, ЖӨБ органдарына жергиликтүү салыктарды башкаруу боюнча ыйгарым укуктарды берүү тууралуу мыйзамдарды иштеп чыгууда жана илгерилетүүдө жардам берилди.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун иши, Жалал-Абад, Ысык-Көл жана Чүй облустарынын муниципалитеттеринин жетишкендиктери, 2011 – 2017-ж.ж. мезгилинде КРда ЖӨБдү өнүктүрүү реформалары тууралуу толук маалыматты өлкөдөгү бардык муниципалитеттер, кызыкдар адамдар илимий-популярдуу басылманын – «Муниципалитет» журналынын беттеринен таба алышат.

## ЭҮЖӨБОЖ ДОЛБООРУНУН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ, 2011-2019

### ЖАРАНДАРДЫ БЮДЖЕТТИК ПРОЦЕССКЕ ТАРТУУ ЖАНА АЛАРДЫН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫН ЭСЕПКЕ АЛУУ

II фазаны ишке ашыруунун жүрүшүндө ЭҮЖӨБОЖ Долбоору жаңы пилоттук облустардын муниципалитеттеринде жарандардын бюджеттик процесске катышуу моделин жайылтууга көмөк көрсөтүү иштерин улантмакчы:

- 2015 – 2017: Чүй облусу, 12 максаттуу муниципалитеттин катышуусу менен;
- 2017 – 2019: Ош жана Нарын облустары, 15 максаттуу муниципалитеттин катышуусу менен.

Үч облустун бардык муниципалитеттери маалыматтык колдоо алуу, окутууга жеткиликтүүлүккө ээ болуу, сынактык программаларга катышуу укугуна ээ болушат.
Максаттуу муниципалитеттер Жарандардын ЖӨБго катышуу моделин жайылтуу үчүн окуудан өтүп, кеп-кеңештерди алып, адистердин жардамына толук көлөмдө ээ болушат.













## ЖӨБ ОРГАНДАРЫНЫН ЖАРАНДАРДЫН КЕРЕКТӨӨЛӨРҮНӨ ЖООП КАЙТАРУУ ЖӨНДӨМҮН КҮЧТӨНДҮРҮҮ

ЭҮЖӨБОЖ Долбоору ЖӨБ органдарынын кызматкерлери жана депутаттар үчүн төмөнкү темалар боюнча окууларды уюштурат:

- ЖӨБдүн укуктук жана уюштуруучулук негиздери;
- Жергиликтүү кеңештин ишин уюштуруу (ЖерК Регламенти);
- ЖӨБдүн финансы-экономикалык негиздери; жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу;
- Жергиликтүү бюджеттерди жана мамлекеттик сатып алууларды аудиттен өткөрүүнүн негиздери, ЖӨБ органдарынын ишине текшерүү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө;
- жергиликтүү жамааттын Уставын жайылтуу;
- жергиликтүү ресурстарды башкарууда ачык-айкындуулук, коомдук угуулар;
- жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча ЖӨБ органдарынын чечим кабыл алуу процессинде жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарын эсепке алуу; ЖМБА;
- инвестицияларды башкаруу, долбоорлорду иштеп чыгуу;
- мамлекеттик сатып алуулар (КР Финансы министрлигинин Окуу борборунун базасында сертификацияланган курстар).

ЭҮЖӨБОЖ Долбоору максаттуу муниципалитеттерге төмөнкүдөй колдоо көрсөтөт:

- ЖМБА-иш-чараларын уюштурууда жана өткөрүүдө;
- «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында болгон маалыматтарга жеткиликтүүлүк жөнүндө» КР Мыйзамдарынын талаптарын аткаруу үчүн маалымат такталарын уюштурууда;
- Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексин эсептөөдө;
- Жергиликтүү жамаат үчүн жарандык бюджетти даярдоодо;
- жамаат менен иш алып барууда ЖӨБ органдарынын кызматкерлерин техникалык жактан жабдууда;
- коомдук мааниге ээ маселелер, коомдук ресурстарды бөлүштүрүү жана кызматтарды көрсөтүү маселелери, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу боюнча коомдук угууларды техникалык жактан жабдууда, даярдоодо жана аларды өткөрүүдө.

ЖӨБ органдарынын башкаруунун алдыңкы усулдарын, анын ичинде коомдук угууларды колдонуусуна дем берүү максатында ЭҮЖӨБОЖ Долбоору ЖӨБ органдары үчүн «Жарандардын бюджеттик процесске реалдуу катышуусу» деп аталган сынак өткөрөт (2016, 2017 жана 2018-жылдары). Сынактын жылдык байге фонду 350 миң сомдон ашат.

## ЖАМААТТАРДЫН ЖАНА БӨУНУН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУГА КАТЫШУУ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН КҮЧТӨНДҮРҮҮ

ЭҮЖӨБОЖ Долбоору жергиликтүү жамааттын жана жергиликтүү жарандык коом уюмдарынын өкүлдөрүн, бейөкмөт уюмдарды төмөнкү темалар боюнча окутат:

- жарандарды жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышууга даярдоо: ЖӨБдүн негиздери, бюджеттик процесс, жарандардын катышуусу жана маалымат алмашуу;
- ЖӨБ органдарынын кызмат көрсөтүүлөрүнө коомдук мониторинг, баалоо, Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоору жарандардын ЖӨБгө катышуусунун, жергиликтүү жамааттын ЖӨБ органдары менен конструктивдүү кызматташуусунун мыкты мисалдарына дем берип, аларды аныктоо иштерин уланта берет. Бул тапшырма жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү үчүн «Жергиликтүү демилге» сынагын уюштуруу жана өткөрүү аркылуу ишке ашат. Сынактын жылдык байге фонду 500 миң сомдон ашат (2016, 2017 жана 2018-жылдары).
БӨУ да ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун фокусунда турат жана бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүү тууралуу чечим кабыл алууда калктын пикирин эсепке алууга көмөктөшүүдө, ЖӨБ органдарынын кызмат көрсөтүүлөрүнө коомдук мониторинг жүргүзүүдө жана баа берүүдө ж.б. кызматташууга чакырылат. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору БӨУну аймактарды өнүктүрүү боюнча ЖӨБ органдарынын өнөктөшү катары жергиликтүү жамаатты өнүктүрүүгө жигердүү катышып, өз билими жана тажрыйбасы менен бөлүшүп, БӨУ үчүн уюштурула турган атайын сынакка катышууга чакырат.

## ГРАНТТЫК ПРОГРАММА - ИНВЕСТИЦИЯЛЫК МАШЫКТЫРГЫЧ КАТАРЫ

Жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча чечим кабыл алуу процессинде жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктарын эсепке алуу технологиясын колдонгон, инвестицияларды калктын керектөөлөрүнүн негизинде пландаган

максаттуу облустардын бардык муниципалитеттери «инвестициялык машыктыргычка» ээ болушат. «Инвестициялык машыктыргыч» - калктын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу үчүн Чакан гранттар программасы. Чакан гранттар программасына катышууга Нарын, Ош жана Чүй облустарынын бардык муниципалитеттери чакырылат. Сынактын негизинде мыкты деп табылган 50 табыштаманын ар бири 1 миллион сом көлөмүндө грант алат. Бул каражат сынактын жеңүүчүлөрүнүн жергиликтүү бюджеттерине которулуп, жамааттын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүү үчүн колдонулмакчы. Программага катышуу – республикалык бюджеттен берилүүчү дем берүүчү гранттар менен иш алып баруу үчүн мыкты даярдык болуп калды.

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК САЯСАТЫН КОЛДОО

Муниципалитеттерден алынган маалыматтарды жалпылаштыруу менен ЭҮЖӨБОЖ Долбоору ЖӨБ органдарынын атынан башкаруунун улуттук деңгээлине даректелген суроо-талаптарды түзүү иштерин улантат. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-декабрындагы № 678 токтому менен бекитилген 2013-2017-жылдарга КРда ЖӨБдү өнүктүрүү программасын ишке ашырууда КР Өкмөтүнө көмөк көрсөтөт, ошондой эле Кыргызстандын жана башка өлкөлөрдүн тажрыйбасын эсепке алуу менен жаңы программалык документти иштеп чыгууда Өкмөттү колдойт.

ЖӨБдү өнүктүрүү чөйрөсүндө эл аралык тажрыйбаны изилдөө «Муниципалитет» журналында баяндалган маалыматтар аркылуу берүү жана өлкө ичинде да, анын тышында да тааныштыруу сапарларын уюштуруу, эл аралык конференцияны өткөрүү аркылуу караштырылган.

2015-2019-ж.ж. ЖӨБ органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жана аларды каржылоонун механизмдери жөнүндө мыйзамдарды колдонуу боюнча коомдук жана эксперттик талкуулар өтөт. Долбоор муниципалитеттерде айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү тууралуу келишимди жайылтууга көмөктөшүп, тажрыйбаны башка ЖӨБдө таратат.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоору муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу системасын өркүндөтүүдө Мамлекеттик кадр кызматына колдоо көрсөтүүнү уланта берет.










## ЭҮЖӨБОЖ ДОЛБООРУНУН ӨЗӨКТҮК ӨНӨКТӨШТӨРҮ

Жергиликтүү кеңештер жана ЖӨБдүн аткаруу органдары; жергиликтүү жамааттар, анын ичинде жарандардын формалдуу жана бейформал уюмдары, топтору; мамлекеттик органдар: КР Жогорку Кеңеши, КР Өкмөт аппараты, КР Президенттик аппараты, ЖӨБЭММА, КР Финансы министрлиги, КР Мамлекеттик кадр кызматы, КР Экономика министрлиги, КР Эсептөө палатасы, башка мамлекеттик органдар, анын ичинде жергиликтүү мамлекеттик администрациялар; Жарандык коом уюмдары, эл аралык донор уюмдар, ММК.

БАЙЛАНЫШУУ ҮЧҮН

- Долбоордун иш-чаралары тууралуу кеңири маалыматтар, мыйзамдагы жаңылыктар, жамааттарга жана ЖӨБ органдарына пайдалуу болчу башка маалыматтар ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун www.vap.kg сайтында үзгүлтүксүз жаңыланып турат.
- ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун ишинин натыйжалары, муниципалитеттердин ийгиликтери тууралуу баяндар, аналитикалык материалдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу башка маалыматтар ай сайын “Муниципалитет” журналында жарыяланып турат (www.municipalitet.kg сайтын караңыз).
- Кошумча маалымат жана кеп-кеңештерди алуу үчүн office@dpi.kg электрондук дарегине кат жазсаңыз болот.
- Маалыматтарды жана кеп-кеңештерди сурап, долбоордун адистерине +(996 770) 771130, 771156 телефон номурлары боюнча кайрыла аласыз.
- Өнүктүрүү саясат институтунун башка долбоорлору жана ишинин натыйжалары тууралуу кенен маалыматты www.dpi.kg сайтынан таба аласыз.